# Сабактын темасы:

Сабактын темасы: Ч.Айтматовдун «Жамийла» повести

Мугалим: Жороева Ж. И.

# Сабактын максаты:

Ч.Айтматовдун “Жамийла”повестинин идеялык мазмунун түшүнүү менен чыгармадагы каармандардын образдары аркылуу көйгөйлөрдү аныктап биле алышат;

Чыгарманын негизинде сүйлөө кебин, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт жанан калыптандырышат;

Сабырдуулукка, эмгекчил болууга, Мекенин сүйүүгө жана өз бактысы үчүн адилеттүү күрөшүүгө тарбияланышат.

# Жагымдуу маанай








# Мугалимдин кириш сөзү:


-Балдар, бүгүнкү сабагыбызда Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги Даниярдын образы,анын адамдык касиети, Жамийланын ички дүйнөсүнө бүлүк түшүргөн ситуациялар, мүнөзүнүн өзгөрүшү тууралуу кеп кылабыз. Силерге повестти толук окуп келүүнү бергенмин. Бул теманы жакшы ачып көрсөтүү үчүн чыгарманын мазмунун билүү шарт.

# Сабагыбызды баштаардын алдында эки топко бөлүнүп алалы.

1-топ “Жамийла”



2-топ “Данияр”



# 1-тапшырманы төмөнкү схема боюнча иштейбиз

# Данияр

| | |
|---|---|
| **Сырткы келбети** | **Мүнөзү** |
| **Жамийлага болгон мамилеси** | **Силердин көз карашыңар** |

# Жамийла

**Сырткы келбети**

**Мүнөзү**

**Жамийлага болгон мамилеси**

**Силердин көз карашыңар**

Силерге коюлган шарт берилген бөлүмдөрдү тексттен үзүндү, цитаталарды келтирүү менен далилдейбиз. Бул тапшырманын биринчи үч бөлүгүнүн үстүндө гана иштейбиз. Ар бир топтон үч окуучу презентациялайт

## 2-тапшырма ушул схеманын төртүнчү бөлүгү боюнча иштейбиз

Мында ар бир топ өзүңөргө берилген каарман тууралуу, анын мүнөзү, иш-аракети боюнча бир пикирге келип, көз карашыңарды билдиресиңер

# Бышыктоо:

Мына, балдар, бүгүнкү сабакта көптөгөн ой-пикирлер айтылып, талкууга алынды.

Окуучуларга баракчалар таратылат. Бул баракчаларга бүгүнкү сабактан алган таасирлериңерди жазып, окуп, доскага илебиз

# Мугалимдин жыйынтыгы:

Мына, балдар, бүгүнкү сабагыбызда Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги баш каарман Жамийланын бакыт, сүйүүгө умтулуп, жүрө бергенге ичи чыкпай, эл журтка сөз болуп,  ” тим кой, өкүнүп бармагын тиштер”, “өз шоруна өзү түшкөн арам” деген сөздөргө калганына карабастан келечектеги бактысы, таза сүйүүсү үчүн аракеттенгенин билдик.

Ал эми Данияр – адамгерчиликтүү, сезим жагынан жоомарт, ага эргүү да жат эмес, ал обон менен гана ырдабастан, жүрөгү менен ырдай билген адам. Ушундай сапаттары менен ал экөө тең миңдеген китепкөйлөрдү өзүнө тартып, тамшантып турат. Жамийла менен Данияр Мухтар Ауэзовдун сөзү менен айтканда “жүрөгү кеңири, ички дүйнөсү бай адамдар”

# Баалоо:

Окуучулар активдуулугүнө карай бааланышат

# Үйгө тапшырма:

“Бүгүнкү сабактан алган таасирлерим” деген темада эссе жазып келүү